DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

## ГЕОГРАФИЯ ИЛИМДЕРИ
## ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАУКИ
## GEOGRAPHICAL SCIENCES

*Даовлатова Ф.М., Арыстанова А.Т.*

# АНТРОПОТОПОНИМДЕР ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫНДА

*Даовлатова Ф.М., Арыстанова А.Т.*

# АНТРОПОТОПОНИМЫ В ТОПОНИМИЯХ

*F. Daovlatova, A. Arystanova*

# ANTHROPOTOPONYMS IN PLACE NAMES

*УДК: 81`373.21*

*Бул макаланы жазууда жер-суу аталыштарынын адам ысымдарынан же уруулардын, уруктардын аттарынан коюлган жерлердин аттарын талдоонун негизинде мисалдарды келтирүү менен жазылды. Топонимикада антропотопонимдер – адамдардын атынан, лакап аттарынан жана фамилияларынан жасалган жер аттары болуп саналат. Бул географиялык аталыштар көбүнчө калктуу пункттарга, шаарларга, айылдарга, көчөлөргө, эс алуу парктарына берилгендиги баарыбызга белгилүү. Бул географиялык аталыштарды этнотопонимдер, коммеморативдик же мемориалдык топонимдерге мисалдар келтирилип каралды. Союз мезгилиндеги жалпы союздук республикалардагы окшош орус антротопонимдердин массалык же советтик топонимияны таасирин союздук республикаларга кирген бардык жер-суу аталыштары массалык партиялык, советтик ишмерлердин ысымдарын географиялык объектилерге ыйгаруу жүргүзүлгөн. Аларга партия лидерлеринин, революциянын, жарандык согуштун катышуучуларынын ж.б. аттары берилгендиги тууралы жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *антропотопонимдер, топонимдер, этнотопонимдер, коммеморативдик топонимдер, мемориалдык топонимдер, жер-суу аталыштары, этноним, уруулар.*

*При написании данной статьи были приведены примеры, основанные на анализе названий мест от имен людей или от названий племен и родов. В топонимике антропотопонимами называют топонимы, составленные из имен, прозвищ и фамилий людей. Все мы знаем, что этими географическими названиями часто называют населенные пункты, города, села, улицы, парки отдыха. Эти географические названия рассматривались как примеры этнотопонимов, памятных или мемориальных топонимов. В период Союза подобным русским антропотопонимам во всех союзных республиках была присвоена массовая или советская топонимия, а всем топонимам, входившим в состав союзных республик, были присвоены имена массовых партийных и советских деятелей географическим объектам. К ним относятся партийные лидеры, участники революции, гражданской войны и т.д. Массовое или советское топонимическое влияние подобных русских антропотопонимов в союзных республиках в период Союза закреплялось за географическими объектами с именами партийных и советских деятелей. К ним относятся партийные деятели, участники революции, гражданской войны и др.*

***Ключевые слова:*** *антропотопонимы, топонимы, этнотопонимы, памятные топонимы, мемориальные топонимы, топонимы, этнонимы, племена.*

*When writing this article, examples were given based on the analysis of place names from the names of people or from the names of tribes and clans. In toponymy, anthropotoponyms are toponyms made up of names, nicknames and surnames of people. We all know that these geographical names often refer to settlements, cities, villages, streets, and recreation parks. These place names were considered as examples of ethnotoponyms, commemorative or memorial place names. During the period of the Union, similar Russian anthropotoponyms in all Union republics were assigned mass or Soviet toponyms, and all toponyms that were part of the Union republics were assigned the names of mass party and Soviet figures to geographical objects. These include party leaders, participants in the revolution, civil war, etc. The mass or Soviet toponymic influence of similar Russian anthropotoponyms in the Union republics during the Union period was assigned to geographical objects with the names of party and Soviet figures. These include party leaders, participants in the revolution, civil war, etc.*

***Key words:*** *anthropotoponyms, toponyms, ethnotoponyms, commemorative toponyms, memorial toponyms, place names, ethnonyms, tribes.*

**Киришүү.** Топонимдердин ар биринин өз тагдыры жана тарыхы бар. Топонимдер идеологиялык саясий-укуктук маселе деп айта кетсе болот. Же ээлик кылуунун формасы деп айтууга болот. Топонимдер ошол жерди ээлеген, жердеген элдин кабарын билдирип турат. *Антропотопоним* – (гр. anthropos – киши, onyma – ат, ысым) – энчилүү адам аттары, ысымдар, фамилияларлар, атасынын аттары, ылакап аттар, псевдонимдер, патронимдер, андронимдер, гинеконимдер кирет.

Антропотопонимдерди же адам ысымдарынан жасалган аталыштарды *патрономиялык* жана *мемориалдык* топонимия деп, эки чоӊ топко бөлүп кароого болот.

Белгилүү изилдөөчү В.А. Никонов: «... энчилүү аттар – булар сөздөр, сөздүн кимдер тарабынан берилгенин аныктап турат. Энчилүү жер-суу аттары ошол жерлерге бекитилип калгандыктан, алар аркылуу белгилүү аймактагы байыркы тилди калыбына келтирип, мейкиндиктеги таралуу чек арасын аныктоого болот. Бул аталыштар көпчүлүк тилдерден эр-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



те пайда болгон», - деп айткан. Мындан сырткары, географиялык аталыштардын жылып жүрүүсү кайсыл гана аймактагы болбосун элдин миграциясын, түрдүү этностордун үстөмдүгүнүн алмашуусун да чагылдырат. Башка өлкөлөр сыяктуу эле Кыргызстандын аймагы узак мезгилдер бою анын топонимиясында из калтырган татаал тарыхый окуялардын чордону болуп келген. В.А. Никонов белгилегендей, «антропонимия баалуу тарыхый булак, өткөндү табууга жардам берүү үчүн кызмат кыла алат» [1].

**Топонимикада антропотопонимдер** – адамдардын атынан, лакап аттарынан жана фамилияларынан аталган жер аттары. Бул географиялык аталыштар көбүнчө калктуу пункттарга, шаарларга, айылдарга, көчөлөргө, эс алуу парктарына берилет. Бул географиялык аталыштарды *этнотопонимдер, коммеморативдик* же *мемориалдык* топонимдер деп бөлүп изилдөө туура.

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө антропотопонимдер кездешет, жергиликтүү калктардын негизинде коюлган топонимдер, башка өлкөдөн келип отурукташып калган элдердин, белгилүү же ошол топту башкарган адамдардын аттарынан аталып калган антропотопонимдер бар. Мисалы, Европада атасынын ысымдарынын мисалдары өтө көп: Витторио (Италия), Германсдорф (Германия), Вильгельмсбург (Австрия) ж.б. Түндүк Америкада: Морган, Саймон, Джексон, Джошуа ж.б. Географиялык аталыштардын бул тобу адамдын ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүндө белгилүү адамдардын фамилияларынан жана жеке ысымдарынан келип чыккан. Бул топонимдер көрүнүктүү же жөн эле атактуу адамдардын – ачуучулардын, саякатчылардын, окумуштуулардын, саясатчылардын ысымдарын түбөлүккө калтырат. Окшош аттарды берүү салты байыркы доорлорго ичине камтый алат. Чыгыш Македония падышасы Искендердин басып алуучусунун урматына 30 га жакын шаарлар аталган: Египеттин Александриясы (азыркы Египеттеги Александрия шаары, жергиликтүү арабча аты Аль - Искандария), Александрия Маргиана, Александрия Оксиана, Александрия ж.б.

Рим императорлорунун аттары Кесария-Августа (азыркы Сарагоса, Испания), Юлия-Феличе (азыркы Синоп, Түркия), Августа-Эмерита (азыркы Мерида, Испания), Прима-Юстиниана (азыркы Скопье – борбор шаары) сыяктуу топонимдерде чагылдырылган. Македониянын Диоклетиан-Палатий (азыркы Сплит, Хорватия), Грацианополь (азыркы Гренобль, Франция) жана башкалар.

Улуу географиялык ачылыштар доорунда мемориалдык топонимика эң көп таралганы белгилүү.

Планетанын атактуу саякатчыларынын жана изилдөөчүлөрүнүн элесин түбөлүккө калтырган ысымдарга: Колумбия өлкөсү, Британ Колумбиясы, Колумб архипелагы, Колон шаары (Латын Америкасынын ар кайсы өлкөлөрүндө 10дон ашык) - Х.Колумб, Магеллан кысыгы; арал, кысык, Кук тоосу; Ливингстон шаркыратмасы, Беринг кысыгы жана деңизи; көбүрөөк Амундсен аралы, дарыя, кырка тоолор жана рифтер; жарым арал, көл, дарыя жана башка көптөгөн жер-суу аталыштары аталган. Арктикада чалгынчылар жана изилдөөчүлөр Семена Дежнева, Лаптевых, адмирал Макарова жана башкалардын ысымдары кездешет бүгүнкү күндө да аталып келе жатканы баарыбызга белгилүү. Россияда таажы кийген адамдардын урматына Санкт-Петербург (Петрдин урматына – биринчи орус императорунун), Петрозаводск, Екатеринбург, Николаевск-на-Амурей ж.б. сыяктуу ысымдар берилген. Антарктидада да мындай топонимдер көп кездешет: Александра I дин жери, Королева Моддун жери, Петр I аралы.

Скандинавия өлкөлөрүндө бирдей атка ээ болгон ар кандай падышалардын аттары Карлскрона, Карлсборг, Карлштад, Карлшамн, Кристианстад (бардыгы Швеция), Кристиансунд жана Кристиансан (Норвегия) жана башкалардын аттары менен байланышкан. Бул Норвегиянын борбор шаарынын аты да Осло – Харианиаристи антропотопоним болуп саналат.

Советтер Союзунда жана социалисттик лагердин башка кээ бир өлкөлөрүндө мемориалдык идеологиялык топонимдердин эбегейсиз зор саны бар. Алар партия лидерлеринин, революциянын, жарандык согуштун катышуучуларынын жана башкалардын. Мына ошентип картада чексиз Лениндик, Дзержинский, Куйбышев, Калинин жана башкалар пайда болгон. Чыгыш Европанын социалисттик өлкөлөрүндө Димитровград, Благоевград (Болгария), Карл-Маркс-Штадт, Вильгельм-Пик-Штадт-Гюбен (ГДР-де), Готвальдов (Чехословакия), Ленинварош (Венгрия) ж.б топонимдердин аталыштары өмүр сүрө баштаган. Учурда көптөгөн өлкөлөрдө окшош аталыштар өзгөртүлүп, аталыштардын түп нускалары калктуу конуштарга кайтарылган.

**Этнотопонимдерди** түзүүдө калктын этникалык курамы – белгилүү бир аймакта жашаган ар түрдүү элдер, уруулар, уруулар, элдер чоң роль ойногон. Калктуу конуштардын көбү элдин социалдык тобуна – кайсы урууга, элге таандык экендигине карата атала баштаган. Топонимдердин ар түрдүү топторунун ичинен этнонимдик географиялык аталыштар, же этнотопонимдер өзгөчө орунду ээлейт. Алар байыркы уруулардын, элдердин жана башка этностук бирдиктердин аталыштарын бүгүнкү күнгө чейин сактап келген тирүү күбөлөр. Көбүнчө топонимикада далилдер аркылуу гана унутулуп, жок болуп бара жаткан элдердин бар экендиги тууралуу фактыларды табуу-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



га болот. Бул географиялык аталыштарды изилдөө менен изилдөөчү сөзсүз түрдө этнография жана этникалык тарых чөйрөсүнө кароо менен туура далилдерди алууга болот. *Этнонимдер* эреже катары, түрдүү уруулардын жана уруктардын өкүлдөрү жашаган аймактарда пайда болуп, этнонимдер айырмалоочу белги катары кызмат кылган. Мындай ысымдарды ошол уруунун, уруктун өкүлдөрү өздөрү эмес, коңшу, экинчи уруунун адамдары койгон. Этнотопонимдерди изилдөө аркылуу айрым этностордун мурда жашаган жерлерин аныктоого болот.

Кыргызстандын аймагындагы калктуу конуштардын бир кыйла бөлүгү уруулардын, элдердин аттары өткөн доордун этнонимдери менен аталат. Албетте, бул бекеринен эмес. Кыпчактар, маңгыттар, төөлөстөр, сарылар, нойгуттар, наймандар, кандылар, нойгут, сарыбагыш, бугулар ири уруулардын катарына кирет. Бул уруулардын ар бири бир нече майда урууларга бөлүнөт. Убакыттын өтүшү менен алардын айрымдары унутулуп калган. Бирок уруктардын көбү жер аттары катары сакталып калган. *Төөлөс* – кыргыз уруусунун аталышы. Кыргыздардын ичкилик уруусуна кирет. Айрым маалыматтарда төөлөс уруусу кыргыздын оң, сол жана ичкилик уруусуна кирбей өз алдынча уруулардын катары да берилет. Азыркы кыргыз урууларынын курамында бул уруу орто кылымдардан бери эле этностук компонент катары жашап келгендигин XVI кылымда жазылган «Мажму ат-таварих» чыгармасындагы кыргыз урууларынын санжырасында берилгендиги ырастайт. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде төөлөс уруулук теги орто кылымдагы түрктөрдүн «теле» уруусу менен байланышат жана алардын алтайлык уруулардын тобу менен жакындыгы бар. Төөлөс уруусунун курамына кирген уруктар «ай тамга» жана «кош тамга» деген эки топко ажырашат. «Ай тамганы» шалендер, дукун, буйга, толуман (чулум кашка), ак эчки, ал эми «кош тамга» тобун шарон, керей, муркут, меркит, бөлтүрүк, качканак атанган уруктар түзөт. Көрүнүп тургандай, өткөн тарыхый мезгилдерде төөлөс башка уруу топтору менен аралашып турушкан. Мисалы, керей (кереит), меркит, муркут (бүркүт) сыяктуу уруктар Орто кылымдарда Борбордук Азиядагы саясий аренада белгилүү орундарды ээлешкен түрк-моңгол тилдүү көчмөн этностордун аты менен аталып, алардын өз ара этностук катышы болгонун далилдеп турат. Төөлөстөрдүн басымдуу көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү Араван, Кадамжай жана Ноокат райондоруна караштуу аймактарда турушат. Ал эми бул уруунун майда топтору Нарын, Ысык-Көл, Чүй облусунда жана Кытай менен Өзбекстандагы кыргыздар арасынан да уруулар кездешет [2]. Ош облусунун Ноокат районунун Төөлөс айыл аймагы ушул уруунун аталышын атына коюлган. Жашаган калктын көпчүлүгү төөлөс уруусунан болушат.

*Мемориалдык же коммеморативдик* - деп, мамлекеттик көрүнүктүү коомдук инсандарынын, эмгек каармандарынын, маданият жана искусство ишмерлеринин, белгилүү акын-жазуучулардын ж.б. атын эскерүү жана эмгегин урматтоо белгиси катарында бир катар шаарларга, айылдарга, көп сандаган көчөлөргө алардын наамдары ыйгарылган. Мындай көрүнүктүү адамдарын элесине, саясий-тарыхый окуяларга арналган же жалпы эле өлкөбүздүн коомдук турмушундагы өзгөрүүлөрдү жана жетишкендиктерди билдирүү (даңазалоо) максатында коюлган аттар *мемориалдык же коммеморативдик топонимдер деп* аталат. Алар коомдун өнүгүшүн же саясатын кандайдыр бир дэңгээлде чагылдыра алат. Мисалы, Исфана шаарын Раззаков деп өзгөртүү эли жери үчүн кызмат кылуунун бийик үлгүсүн көрсөткөн, өлкөнүн өнүгүү жолуна кошкон салымын келечек муунга жеткирүү жана чыгаан инсандын атын өчүрбөөгө багыттоо максатында коюлган [3].

Биз бул макаланы жазууда Орто Азиядагы же орус топонимдеринин же советтик топонимияны таасирин мисалга келтирсек да болот. Союздук республикаларга кирген бардык жер-суу аталыштары партиялык жана советтик ишмерлердин ысымдарын географиялык объектилерге ыйгаруу жүргүзүлгөн. Советтер Союзунда жана социалисттик лагердин башка кээ бир өлкөлөрүндө мемориалдык идеологиялык топонимдердин мааниси ар түрдүү. Аларга партия лидерлери, революциянын жана жарандык согуштун катышуучулары ж.б. кирет. Ошентип, картада чексиз Ленинский, Дзержинский, Куйбышев, Калинин атындагы аталыштар ж.б. пайда болгон. Натыйжада миңдеген шаарлар, айылдар, колхоз-совхоздор, көчөлөр, ишканалар ж.б. партиялык жол башчынын ысымы менен аталган. Мисалы, Ленин району, Ленин көчөсү, Ленин атындагы орто мектеби ж.б. Алар бардык союздук өлкөлөрдө кайталануу менен окшош аталыштарга айланып, өз мезгилинде идеологияны жана саясатты аныктап турган. Жергиликтүү саясатчылардын аттары көз жаздымда калып, жада калса кээ бир калктуу пункттар тиешеси жок башка улуттун аты менен аталган фактылар көп.

Топонимдер идеологиялык, саясий, укуктук маселе экендиги, ошол жерди убактылуу жердөө менен ээлик кылуунун формасы деп да билсе болот. Биз өлкөбүздү эмес, өзүбүздүн аймакты гана дагы эле жашап келе жаткан аталыштарды карап көрүүнү туура көрдүк. Орто Азиядагы орус топонимдери – Россиянын колониялык саясатынын күбөсү. Мурдагы Советтер Союзундагы өлкөлөрдө партиялык башчылардын ысымдары шаарлар, айылдар, көчөлөр, андан

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мектептердин атына жана географиялык объектилерге да ашыкча коюлган. Бардык союздук өлкөлөрдө ушундай көрүнүш кайталанып, бир нече окшош аталыштар көбөйгөн.

**Жыйынтыгы.** Калктын этникалык курамы, алар таандык болгон урукту, урууну, элди антротопонимдер, этнонимдер, этносимволдор Кыргызстандын жер-суу аттары системасында өзүнчө бир топту түзөт. Бул биздин өлкөдө байыртадан бери жашап келген ар кандай уруулар, элдер жөнүндө жаңы маалыматтарды берет. Антропотопонимдерди, этнонимдерди изилдөөдө жана географиялык аталыштарды атоодо антропотопонимдерди коюу эл-жерин коргоого кошкон салымы, акын жазуучулардын эмгегин эске алуу менен атын өчүрбөй сактоо максатында тарыхый белгилүү инсандарды, белгилүү илимпоздорду, эл башчыларын атын берүү үчүн атайын сунуштардын негизинде коюлса деген максатта жазылды.

Жогорудагыларды эске алуу менен шаарларды, айылдарды, көчөлөр, аянттар, проспектилерге, парктарга жана турак-жай райондорунун башка компоненттерине ат коюуда мумкун болушунча ошол жердин экономикалык жана табигый-тарыхый өзгөчөлүктөрүн чагылдырган аталыштарды колдонуу максатка ылайыктуу болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Никонов В.А. География фамилий. - Москва, 1988. – 192 с.
2. Улуттук энциклопедия: 3-том. Башкы ред. Асанов Ү.А. - Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011.
3. Түштүк-Батыш Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын этимологиясы / Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2018. - №5. 32-33-б.